**Жакшылыков Жылдызбек Жакшылыковичтин 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган «Жогорку окуу жайларында окутуу процессин башкаруунун технологияларын өркүндөтүү» деген темадагы диссертациялык ишине расмий оппоненттин**

# ПИКИРИ

Бүгүнкү күнү Кыргызстандын билим берүү саясатынын негизги максаты фундаменталдуулукту сактоонун жана инсандын, коомдун жана мамлекеттин актуалдуу жана перспективдүү керектөлөрүнө ылайыктуулуктун негизинде билим берүүнүн жогорку сапатын камсыздоо болуп саналат.

Сапаттуу билим берүүнү камсыздоо зарылчылыгы мамлекеттик тапшырык катары декларацияланат жана стратегиялык жана концептуалдык маанидеги ар түрдүү материалдарда көрсөтүлөт. 2013-2017-жылдар мезгилине Кыргыз Республикасынын Улуттук туруктуу өнүгүү стратегиясында билим берүүнүн сапаты кандай болбосун улуттун келечектеги өнүгүүсүнүн ишеничтүү индикаторлорунун бири катары *берилет*, ошол эле документте – сапаттуу жогорку билим берүү талаптарынын ылайык келбестиги, инфраструктуранын деңгээлинин жетишсиздиги жана окутуучулук курамдын деңгээлинин төмөндүгү жөнүндө жогорку окуу жайлардын атына болгон *сын пикир*, ошондой эле – жогорку кесиптик билим берүүнүн сапат кепилдигинин системасын жакшыртуу жана **билим берүү сапатын контролдоонун жаңы формаларын киргизүү** *сунуштамалары берилет***.**

Билим берүү сапатын камсыздоо жана кепилдиктеринин маанилүүлүгүнүн таанылышына кабастан, бүгүнкү күндө бардык эле жогорку окуу жайларда сапат менеджментинин системасы бар эмес. Албетте, окутуу сапатын контролдоо бөлүмдөрү бар, бирок алардын ишмердүүлүгү тутумсуз, негизсиз жана фрагментардык.

Ошентип, изилдөөлөрдүн актуалдуулугу мамлекеттин жаңы билим берүү сапатына болгон керектөөлөрү, **жогорку окуу жайлардын билим берүү сапатын башкаруунун заманбап моделдерине болгон керектөөлөрү**, керектөөчүлөрдүн сапаттуу билим алууга билим берүү кызматтарына болгон муктаждыктары менен шартталган. Мына ушул стратегия Ж.Ж. Жакшылыковдун илимий изилдөөлөрүн жүзөгө ашыруу үчүн ориентир болгон, жана анын вектору жогорку окуу жайларында окутуу

процессин башкаруунун технологияларын өркүндөтүүгө багытталган педагогикалык теорияны иштеп чыгууга багыт алган.

**Илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана сунуштамалардын негиздүүлүгүнүн даражасы.** *Автор алынган жоболорду, жыйынтыктарды жана сунуштамаларды негиздөөнүн белгилүү илимий усулдарын жетиштүү түрдө туура пайдаланат.* Автор менен изилденип жаткан маселе боюнча башка авторлордун белгилүү жетишкендиктери жана теориялык жоболору изилденген жана талданган. Бирок, сапатты жакшыртуу жана башкаруу менен байланышкан алардын изилдөөлөрүнүн маселесинин алкагын жөн эле санап койбостон, критикалык талдоого таянып тигил же бул автордун ар бир көрсөткөн жаңылыгынын өзгөчөлүгүн конкреттештирүү эффективдүүрөөк болмок. Пайдаланылган адабияттын тизмеси булактардын 163 аталышын камтыйт, алардын кээ бирлерине автор дисертациянын текстинде шилтеме жасайт.

*Теориялык жоболорду аныктоо үчүн* автор менен эксперименталдык изилдөөлөр жүргүзүлөт, алардын негизги максаты болуп жогорку окуу жайларда окутуу процессин башкаруунун сапатын жакшыртуунун иштелип чыккан моделинин эффективдүүлүгүн аныктоо эсептелет.

Моделди иштеп чыгууда автор методологиялык жана теориялык негиз катары төмөнкүлөрдү алганын белгилеп кетүү керек:

- **Э.Демингдин Теориясы**, анын өзөгү болуп сапатты башкаруудагы 14 принциптер, Демингдин Цикли (пландоо – иш аракет – текшерүү – оңдоо (корректировка)) жана пайдалуу сын пикир сунуштамалары эсептелет, аларды уюмдардын жетекчилери эске алуусу керек;
- **ИСО 9000 DMAIC сапат моделинин цикли** (аныктоо – өлчөө – талдоо – жакшыртуу – контролдоо);
- **Lean Six Sigma Интеграцияланган Концепциясы**, анын мааниси операциялык ишмердүүлүктөгү бардык процесстерди жакшыртуу, дефекттерди жана статистикалык четтөөлөрдү минимизациялоо, ошондой эле сапатты башкаруу усулдарын жана статистикалык усулдарын пайдалануу зарылчылыгында турат жана көйгөйлөрдү жоюу жана процесстерди жакшыртуу боюнча долбоорлорду жүзөгө ашырган атайын иш группаларын түзүүнү талап кылат.

Албетте, илимий жана методологиялык чечкиндүүлүк жана оң маанидеги автордун билим берүү чөйрөсүндө көп учурда колдонулбаган белгилүү теорияларды жана концепцияларды жогорку окуу жайдын окуу процессинин проекциясында ылайыкташтыруу амбициялуулугу мактоого татыктуу, бирок ошол эле учурда төмөнкүдөй суроо туулат: автор жогорку

окуу жайдагы окуу процессин башкаруунун жана жакшыртуунун түзүлгөн моделинин 14 компонентинин ар биринин позициялык иерархиясын эмне менен мотивациялайт (диссертациянын 50-б. жана авторефераттын 12-б.)? Диссертацияда, албетте, ар бир компоненттин мазмуну ачылып берилген, бирок алардын ордунун иерархиялуулугуна жана тутумдуулугуна негиздеме берилсе, көп эсе эффективдүүрөөк болмок.

Ушул моделге карата мен дагы бир каалоону билдиргим келет: кандай болбосун иштелип чыккан модель түшүнүктүү, окулгандай, ачык, комплекстүү болушу, табышмактуулукту жана символдордогу жашыруун маанини камтыбашы керек, аны карап конкреттүү максатка карай жана белгилүү шарттарда так белгилүү тутумдаштырылган образды же жол картасын көрө алгандай болушу керек. Ошондуктан, автор маалыматтык графиканы жана креативдүү ой жүгүртүүнү пайдалануу менен толук, ачык, окулган жана түшүнүүгө жеткиликтүү болгон окуу процессин башкаруунун жана жакшыртуунун моделинин схемасын иштеп чыкса болмок. Ошону менен бирге моделдин “маңызы”, б.а. компоненттик курамы – таанылууга жана оң баага татыктуу экендигин белгилегим келет.

Изденүүчү менен берилген <u>*натыйжалардын негиздүүлүгү,*</u> эксперименттин маалыматтарынын жана илимий жыйынтыктардын келишкендигине негизделет. Ошентип, тажрыйба жолу менен моделди жүзөгө ашырылгандан жана тийиштүү шарттар түзүлгөндөн кийин студенттердин жетишүүчүлүгү олуттуу жогорулагандыгы белгиленди, ал экспериментке чейин жана андан кийин салыштырмалуу диаграммаларда көрсөтүлгөн. Бирок, эгер автор студенттердин жетишүүчүлүгүн мониторинг процесстериндеги жалпы кабыл алынган сапаттуу жана абсолюттук жетишүүчүлүк сыяктуу түшүнүктөр менен иш жүргүзсө, эксперименттердин баалуулугу жогору болмок. Аны менен бирге, автор менен иштелип чыккан окуу процессинин *башында, окуу учурунда* жана *андан кийин* регламенттелген окуу процессинин сапатын баалоо үчүн **көрсөткүчтөр системасынын** керектүүлүгүн жана маанилүүлүгүн дагы бир жолу белгилейм. Ар бир көрсөткүчкө 0 дөн 2, 3, 5, 10-го чейин балл берилет, ошондой эле баллдардын ар бир денгээлине баяндама жана мүнөздөмө берилет (диссертациянын 90-103-б.б.).

Натыйжалардын негиздүүлүгү ошондой эле эксперименттин маалыматтарынын жана илимий жыйынтыктардын келишкендигине негизделет (авторефераттын 19-б), бирок авторго биринчи эки сунуштамаларда алынган жыйынтыктарды *улуттук педагогикада жана кыргыз педагогикасында кандай мааниде, кайда* пайдалануу

сунушталгандыгын **конкреттештирүү** керек. Тактоосуз сунуштамалар каалоо иретинде берилген сыяктуу болуп сезилет.

Диссертацияда түзүлгөн **илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана сунуштамалардын аныктыгы жана жаңылыгы** анын түзүлүшүнүн илимий логикалуулугу, берилген жоболордун, жыйынтыктардын, сунуштамалардын негиздүүлүгү менен шартталган.

Илимий жыйынтыктардын негизделиши, ынанымдуулугу изилдөөнүн предметине шайкеш келген, коюлган милдеттерге адекваттуу болгон методдор комплекси, жыйынтыктардын академиялык коомчулук арасында көп жолу апробацияланышы, эксперименттин өткөрүлүшү менен камсыз кылынган. Диссертациялык иштин түзүмү (структурасы) илимий изилдөөнүн логикасына шайкеш келип, коюлган максаты жана милдеттери менен аныкталат. Диссертациянын негизги жоболору, идеялары жана жыйынтыктары автордун 11 илимий эмгегинде жарыяланып, алар изилдөөдөн алынган жыйынтыктардын мазмунун толук чагылдырат. Автордун жыйынтыктары 30 таблица, 8 сүрөт, 6 диаграмма, 10 тиркеме менен бекемделет.

**Жаңы илимий жыйынтыктар** болуп төмөнкүлөр эсептелет:

1. Билим берүү сапатын башкаруу жана жакшыртуу боюнча заманбап тенденциялар бөлүнүп чыгарылган.
2. Окутуу процессинин сапатын башкарууну жакшыртуу модели иштелип чыккан, ошондой эле окуу процессинин сапатын баалоо үчүн көрсөткүчтөр системасы иштелип чыккан.
3. Окутуу процессинин сапатын башкарууну жакшыртуу моделин жүзөгө ашыруу үчүн педагогикалык шарттар жана жолдор бөлүнүп чыгарылган жана иштелип чыккан.
4. Эксперименталдык иштин жүрүшүндө иштелип чыккан моделдин жана жогорку окуу жайлардын студенттеринин жетишүүчүлүгүнүн сапатын жогорулатуудагы педагогикалык шарттардын эффективдүүлүгү далилденген.

**Практика үчүн изденүүчү менен алынган изилдөөлөрдүн жыйынтыктарынын мааниси төмөнкүлөр менен аныкталат:**

– окутуу процессинин сапатын башкарууну жакшыртуу модели жана окуу процессинин сапатын баалоо үчүн көрсөткүчтөр системасы мамлекеттин кээ бир жогорку окуу жайларына киргизилген, алар кесиптик билим берүүнүн орто жана башталгыч

деңгээлдеринде ылайыкташтырылышы жана пайдаланылышы мүмкүн;
- окуу процессинин сапат менен камсыздалганын диагностикалоо системасы иштелип чыккан жана киргизилген.

Кыргыз Республикасында жогорку окуу жайларды аккредитациялоо механизми расмий түрдө киргизилгендигин эске алуу менен жогоруда көрсөтүлгөн иштелмелер теориялык жана практикалык мааниге ээ деп эсептейм.

**Диссертациянын мазмунунда жана жасалгаланышында орун алган мүчүлүштүктөр.**

Рецензияланып жаткан иште күмөн саноону жаратпай турган жетишкендиктер менен катар, айрым мүчүлүштүктөр кездешет. Алар:

1. Диссертациялык изилдөөнүн башкы идеясы жогорку окуу жайлардагы окуу процессинин сапатын башкарууну жакшыртууга бурулгандыгына байланыштуу, бардык сунушталган иштелмелерди бирдиктүү системага графикалык жана схемалык түрдө синтездөө керек болчу, ал бардык себептүү-кесепеттүү байланыштарды жана мамилелерди ачык көрүүгө мүмкүндүк бермек.
2. Азыркы учурда мамлекеттин жогорку окуу жайларында билим берүүнүн сапатын контролдоо бөлүмдөрү иштейт, бирок, тилекке каршы автор менен ушул жогорку окуу жайдын түзүмүнүн ишмердүүлүгүнө анализ жүргүзүлгөн эмес жана алар колдонгон окутуу сапатын баалоо механизми берилген эмес.
3. Билим берүү процессинде кандай болбосун иштелип чыккан технологияны сунуштап жатып, ийгиликтүү киргизүү практикасын гана көрсөтпөстөн, киргизүүдө мүмкүн болгон, пайда боло турган тобокелчиликтерди көрсөтүү маанилүү. Бул позициядан алганда авторго мамлекеттик жогорку окуу жайларга жана эки мамлекеттик жогорку окуу жайларга (мисалы, Кыргыз-Россия, Кыргыз-Түрк) карата SWOT-анализди дифференциациялоо менен окутуу процесинин сапатын башкаруунун жана баалоонун сунушталган моделдерин киргизүү боюнча SWOT-анализди көрсөтүү эффективдүү болмок.

Белгиленген мүчүлүштүктөр иштин жалпы илимий баалуулугуна, билим берүүнүн теориясы менен практикасына кошкон олуттуу салымына шек келтире албайт.

**Диссертациянын КР ЖАКтын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү Жобосунун» талаптарына ылайык келиши.**

Ж.Ж. Жакшылыковдун «Жогорку окуу жайларындагы окутуу процессин башкаруунун технологияларын өркүндөтүү» аттуу кандидаттык диссертациясы актуалдуу темага арналып жазылып, теориялык жана практикалык мааниге ээ. Бул иш жеке аткарылып, толук аяктаган эмгек болуп эсептелет. Анын илимий жыйынтыктары жаңылыгы жана ынанымдуулугу менен айырмаланат, диссертациянын негизги жоболору жана тыянактары автордун илимий эмгектеринде жарыяланган. Каралып жаткан иш КР ЖАКтын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү Жобосунун» кандидаттык диссертацияларга коюлган талаптарына ылайык келет деген ырастоого негиз берет. Ал эми анын автору 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын ыйгарууга татыктуу.

Расмий оппонент,
педагогика илимдеринин доктору, проф. Н.К. Дюшеева
04.11.2016-ж.

К. Тыныстанов ат. Ысык-Көл мамлекеттик университети

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча **Ж.Ж. Жакшылыковдун «Жогорку окуу жайларындагы окутуу процессин башкаруунун технологияларын өркүндөтүү»** аттуу темадагы диссертациясын эксперттик баалоонун **чен-өлчөмдөрү**

| Катар № | Баалоонун негизги чен-өлчөмдөрү | Баллдар-дын саны |
|---|---|---|
| **I** | **Актуалдуулуктун чен-өлчөмдөрү** | |
| 1. | Изилдөө проблемаларынын иликтенгендиги | |
| 2. | Тандалып алынган теманын актуалдуулугунун негизделиши | |
| 3. | Иштелмелерге жасалган мамиленин артыкчылыктары | |
| 4. | Автордук жумушчу божомолдун логикалуугу | |
| 5. | Максаттын жана милдеттин баяндалышы жана өз ара байланышы | |
| | **Баллдардын суммасы** | |
| | **Орточо балл** | |
| **II** | **Жаңылыктардын чен-өлчөмдөрү** | |
| 1. | Изилдөөнүн принциптүү жаңылыгы | |
| 2. | Илимий-усулдук мамиленин жаңы экендиги | |
| 3. | Көтөрүлгөн негизги жоромолду типтештирүү | |
| | **Баллдардын суммасы** | |
| | **Орточо балл** | |
| **III** | **Сапаттын жана деңгээлдин чен-өлчөмдөрү** | |
| 1. | Изилдөөнүн уюштурулушу жана методологиясы | |
| 2. | Илимий теориялык ресурстары | |
| 3. | Изилдөөнүн илимий колдонуучулук ресурстары | |
| 4. | Материалдарды иштеп чыгуунун негиздүүлүгү | |
| 5. | Теориялык натыйжа (фундаменталдуулугу) | |
| 6. | Натыйжалардын практикадагы зарылдыгы | |
| 7. | Максаттын жана милдеттин ишке ашырылыш деңгээли | |
| | **Баллдардын суммасы** | |
| | **Орточо балл** | |
| **IV** | **Апробациялангандыктын чен-өлчөмдөрү** | |
| 1. | Публикациянын толуктугу, деңгээли жана географиясы | |
| 2. | Ачык апробациялоонун толуктугу жана географиясы | |
| 3. | Белгиленген муктаждыкты канааттандыруу деңгээли | |
| 4. | Изилдөөгө жеке салым | |
| | **Баллдардын суммасы** | |
| | **Орточо балл** | |
| **V** | **Жол-жоболоштуруу сапатынын чен-өлчөмдөрү** | |
| 1. | Диссертацияны жол-жоболоштуруунун сапаты | |
| 2. | Авторефератты жол-жоболоштуруунун сапаты | |
| | **Баллдардын суммасы** | |
| | **Орточо балл** | |
| **VI** | **Диссертацияны «өткөрүүнүн» чен-өлчөмдөрү** | |
| 1. | Коргоо алдындагы жол-жоболордун шайкештиги | |
| 2. | Коргоо жол-жоболорунун шайкештиги | |
| | **Баллдардын суммасы** | |
| | **Орточо балл** | |
| | **Баллдардын жалпы суммасы** | |
| | **Орточо балл** | |

**Расмий оппонент: п.и.д., проф.** **Н.К. Дюшеева**

**Н.К. Дюшееванын колун тастыктаймын**